DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

*Мырзабаева Н.С.*

# КЫРГЫЗСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ДИНГЕ КАРАТА САЯСАТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

*Мырзабаева Н.С.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ПОЛИТИКИ СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ ПО ОТНОШЕНИЮ К РЕЛИГИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*N.S. Myrzabaeva*

# FORMATION OF POLICY THE SOVET GOVERNMENT TOWARDS RELIGION IN KYRGYZSTAN

*УДК: 94(575.2)*

*Бул макалада 20-30-жылдардагы Кыргызстандагы мамлекеттик саясатын түзүү маселелери каралат. Октябрь революциясынан кийинки убакыт эски салттуу кыргыз коомун советтик бийлик тарабынан модернизацияланган абалга трансформациялоо доору болду. Совет бийлигинин Кыргызстанда орношу менен мамлекет менен дин ортосундагы карым-катнашта жаңы этап башталды. Ислам мусулмандардын жашоо-тиричилигине, акыл-эсине, дүйнө таанымына ар тараптуу таасир тийгизген дин жана идеология катары жаңыдан калыптанып келе жаткан советтик атеисттик идеологиянын атаандашы эле. Ошондуктан советтик бийлигин орнотуу жана калыптандыруу доорунун башында большевиктер жаңы коммунистттик көз-караштуы тымызын күрөшүү аркылуу орнотууну туура көрүшкөн. Ошентип, советтик бийликтин алгачкы этабына большевиктердин өзүнүн бийлигин бекемдөө үчүн керек болгондугу үчүн дин менен компромисске барууга туура келген. Динге каршы саясат акырындык менен жүргүзүлгөн. Диний уюмдарга мамлекеттин ишине аралашууга, менчикке жана юридикалык укукка ээ болууга, өзүнүн максаты үчүн элден акча чогултууга, мектептерде диний сабактарды өтүүгө тыюу салынган, бирок өзүнүн жеке каалоосу менен динди үйрөнүүгө уруксат берилген. Ошентип, совет бийлигинин алгачкы жылдарында катуу текшерүүгө алынган аймактардагы кээ бир мечит жана диний борборлордон сырткары бардык Борбор Азия республикалары боюнча бардык мечиттер жана диний борборлор жабылган. Бардык элдик диний ой жүгүртүү жашыруун түргө өткөн. Совет бийлиги ушундай жол менен диний ишмерлерди мамлекеттин саясий, коомдук-экономикалык, укуктук жана маданий жашоосуна аралашуу укугунан ажыраткан. Жогоруда сөз кылынган саясат Кыргызстанга да тиешелүү болгон. Динге каршы күрөшүү мында башында катуу формада болгон эмес, ошондуктан бул жерде диний жөрөлгөлөрдүн өткөрүлүшүнө мүмкүнчүлүк берилген. Советтик бийлик доорунда Борбордук Азиядагы ислам башка диндерге караганда мусулмандардын үстүндө өзүнүн таасирин көп жоготпогондугун белгилей кетүүбүз керек.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, совет бийлиги, дин, мусулман, большевик, идеология.*

*В данной статье рассматриваются вопросы становления государственной политики в Кыргызстане в 20-30-е гг. Период после октябрьской революции был временем трансформации старого традиционного кыргызского общества в модернизированное советской властью состояние.С установлением советской власти на территории Кыргызстана начался новый этап взаимоотношения государства и религии. Ислам как религия и идеология всеохватно регламентирующая мировоззрение, сознание, жизнь и быт мусульман, безусловно являлся конкурентом и противником новой зарождающейся советской атеистической идеологии. Отрицание позитивного содержания у всего того, что имело отношение к религии, церкви было одним из постулатов советской идеологической доктрины. Религиозным организациям запрещалось вмешиваться в государственную жизнь, иметь собственность и статус юридического лица, взыскивать сборы и обложения в свою пользу, в школах запрещалось преподавание религиозных вероучений, но обучаться религии в частном порядке разрешалось. Вышеотмеченная политика касалась и Кыргызстана. Здесь допускалось отправление религиозных обрядов, борьба с религией здесь, в первые годы советской власти не носила ожесточенного характера. Бесспорным является тот факт, что за годы советской власти ислам в Средней Азии сумел сохранить большее воздействие на мусульманские народности, чем другие религии.*

***Ключевые слова:*** *государства, советская власть, религия, мусульманин, большевик, идеология.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*This article deals with the formation of the state policy in Kyrgysztan in the 20-30-s.The period after the October revolution was a time of transformation of the old traditional Kyrgyz society into a state-modernized state. With the establishment of Soviet power on the territory of Kyrgyzstan, a new stage began in the relationship between state and religion. Islam as a religion and ideology all-round regulating the worldview, consciousness, life and life of Muslims, of course, was a competitor and opponent of the new nascent Soviet atheistic ideology. Therefore, in the initial period of the establishment and consolidation of Soviet power, the Bolsheviks chose a strategy of cautious struggle for the spread of the new communistworld view.At this time, stereotypes of the consciousness of the socialist era began to take shape. The denial of the positive content of all that was related to religion, the church was one of the tenets of the Soviet ideological doctrine. Anti-religious policy was carried out with great caution, as the war went on, there was chaos, famine, devastation, however, there were instances of unauthorized arrests and murders of clergymen, the plundering of monasteries and mosques. In fact, an integral part of the "cultural revolution" proclaimed by the Soviet government became a struggle with religion, initially manifested in a latent form.Religious organizations wereforbidden to interfere in public life, to have property and the status of a legal entity, to levy fees and taxes in their favor, schools were not allowed to teach religious faiths, but private religion was allowed. It allowed the administration of religious rites, the fight against religion here, in the early years of Soviet power, was not of a fierce nature. Indisputable is the fact that during the years of Soviet power, Islam in Central Asia managed to maintain a greater impact on Muslim ethnic groups than other religions.*

***Key words**: state,soviet power,religious, Muslim, Bolshevik, ideology.*

Бул убакытта коммунисттик доордогу сезимдердин ар кандай стереотиптери пайда боло баштаган. Динге жана чиркөөгө байланыштуу болгон бардык нерсенин жакшылык менен байланышынын болушунун мүмкүн эместиги советтик көз караштагы доктринанын негизин түзүп турган.Советтик жана постсоветтик тарыхнаамаларда диний изилдөөлөрдү шарттуу түрдө бир канча баскычка бөлүп караган: *биринчи – 20-30-жылдар; экинчи – 30-жылдардын аягы-50-жылдардын ортосу; үчүнчү – 60-80-жылдар; төртүнчү – 80-жылдардын экинчи жарымы-2000-жылдардын башы.*

Социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий абалга карай өзгөрүлүп турган мамлекеттик-диний мамилелердин параметрлери бул доорлорго бөлүштүрүүдө негизги критерий катары каралган.

*Биринчи этапта,* 20-30-жылдары мамлекет-чиркөө мамилеси темасына кайрылууда көбүнчө саясий максатка; бийлик жана башкаруу өкүлдөрүнүн тажрыйбалык кызыкчылыктарына байланыштуу аныкталган. Бул партиялык-идеологиялык органдардын динге каршы жүргүзгөн үгүттөөсү менен да толукталган. Бул доор большевиктердин өз бийлигин орнотуу үчүн келишчүүлүкө (компромисске) баруу доору болгон.

Ошондуктан советтик бийликтин эң биринчи актыларынын бири 1917-жылдын 20-ноябрында кабыл алынган "Орусиянын жана Чыгыштын бардык эмгекчил мусулмандарына кайрылуусу" болгон. Анда: *"...мындан кийин силердин ишенимиңер жана салттарыңар, силердин улуттук жана маданий мекемелериңер кол тийгис жана эркин болот. Өзүңөрдүн улуттук жашооңорду эркин жана тоскоолдуксуз уюштура бергиле. Силердин укуктарыңар Орусиянын башка бардык элдериникиндей эле революциянын күчү жана анын органдары - жумушчулардын, аскерлердин жана дыйкандардын кеңеши - тарабынан корголот."* Ленин эмгекчил мусулмандардын ишеничине кирүү керектигин кайталап турган. Жогорку кайрылуу жана аны ишке ашырууда жасалган практикалык иш чаралар жаш Советтик Өкмөттүн мусулмандарынын жана чет элдик Чыгыштын жаңы бийликке болгон саясий жан тартуусуна жетишүүдө чоң роль ойногон. Бул советтик бийликти ырастоонун жана бекемдөөнүн доору болгондуктан, жаңы атеисттик көз караштын өнүгүшүнө болгон тымызын күрөшүү ыкмасы тандалып алынган. Ошол эле учурда бийликтин жаңыдан алмашуусу мусулман элитасы тарабынан жергиликтүү жашоо режимине жана ал жерде жашаган мусулмандарга түз коркунуч катары кабыл алынган. Ушундан улам, 1917-жылдын ноябрында болуп өткөн жалпы Түркестандык мусулмандар съездинде Кокон автономиясын түзүү идеясы сунушталган. Дин башчылары Кокон хандыгын кайрадан орнотуп, Түркестан аймагында шариат өкүмдөрү менен жашаган халифаттыкты түзүүнү пландашкан. Ал учурда "бул жерде 382 мечит, 42 медресе жана алты миңдей мусулман рухий адамдар болгон" [1, 191-б.] Түркестандын диний ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы «Аль-Изах» журналы болгон. «Аль-Изах» - теологдордун оор саясий процесстерди, саясий партиялардын жана топтордун ойлорун, алардын аймакта болуп жаткан коомдук-саясий окуяларга болгон мамилесин

DOI:10.26104/IVK.2019.45



шариаттын өкүмдөрүнө карата кабардар кылып турган расмий орган.

Мусулман калкын бириктире ала турган панисламизм жана пантүркизм идеясынан корккон большевиктер 1917-жылдын декабрь айында мусулман жумушчулардын Түркестандык съездин өткөрүшүп, кийин Эмгекчил мусулмандар союзун түзүшкөн. Таптык күрөштүн принциптерине таянып, алар динчилдерге каршы мусулмандардын жакырчылыгын колдонушту. Мындан сырткары диний башчылыктын бардык имараттары, алардын карамагындагы бардык каражаттар «*штаттары, жоболору, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрү, б.а. имараттары, көчө обьектилери, имарат алдындагы жер участокторду жана мектеп ке керектүү болгон жерлери, отургучтары, китепканалар бардык окуу куралдары, баалуулуктары жана баалуу кагаздары проценттери менен чогуу*» [2, 210-б.] эл агартуучулардын акимдигине өткөрүлүп берилген. Диний жөрөлгөлөр үчүн колдонулган бардык литургиялык мүлктөрдүн инвертардык тизмеси үч нускада түзүлгөн. Тизменин бир нускасы динине туура келген жергиликтүү жашоочуларга мекеме менен чогуу диний жөрөлгөлөрдү жасоо үчүн бекер колдонулууга берилген(алардын саны 20 адамдан кем болбош керек эле), экинчиси – жергиликтүү бийликке калтырылган, ал эми үчүнчүсү – эл агартуу комиссариятына жөнөтүлгөн. Тарыхый, көркөм жана археологиялык мааниси бар храмдар жана сыйынуу жайлары эл агартуу комиссариятынын музейине өткөрүлүп берилген. Диний мекемелердин накталай акчалары тартылып алынган. Коомдук-укуктук мекемелерде диний сүрөттөрдү илүүгө, диний жөрөлгөлөрдү жана аземдерди өткөрүүгө тыюу салынган. Коопсуздугу диний уюмдарга берилген мекемелер мамлекет тарабынан катуу текшерилип турган.

«Жарандык нике, балдар жана китепке киргизүү акты тууралуу» декретке ылайык диний мекемелер никеге тургузуу жана никени бузуу, төрөлгөндүгүн жана өлүмүн тастыктоо укугунан ажыратылган, диний нике үйлөнүп жаткандардын жеке тандоосу болуп калган. Түркстан АССРинде нике тууралуу бардык диний жөрөлгөлөрдү күбөлөндүрүү китептери толугу менен жергиликтүү ЗАГСка өткөрүлүп берилген. Жергиликтүү калкты пантүркизм чакырыгы менен большевиктерге каршы көтөрүү аракеттери ийгиликсиз болгон.

Бир айдан кийин 1918-жылдын 20-январында Эл Коммиссарлар Совети «Чиркөөнү мамлекеттен жана мектептерди чиркөөдөн бөлүү тууралуу» декрет кабыл алынып, ага ылайык бардык диний, кайрымдуулук, билим берүү уюмдары юридикалык укуктан ажыратылган, ошол эле учурда бардык жарандарга өзү каалаган динди тутунуу, же болбосо эч кандай динге ишенбөө укугу берилген. Теологиялык мекемелерден башка билим берүү мекемелеринде диний сабактарды берүүгө тыюу салынган. Түркестан республикасынын элдик билим берүү комиссариятынын буйругуна ылайык, «динди коомдук жашоого аралаштырууга тыюу салынып, бардык дин кызматкерлерин билим берүү мекемелеринен иштен чыгарып, мындан кийин аларды жумушка албоо буйрук кылынган» [3, л.38].

1918-жылы кабыл аланган Конституцияга ылайык диний жана динге каршы пропагандаларды уюштурууга бардык жарандар укуктуу болгон, ошол эле учурда бардык дин адамдары шайлоо укугунан ажыратылган.

1918-жылы 14-октябрда РКП(б)нын Пишпек уезддик-шаардык комитети «Чиркөөнү мамлекеттен жана мектептерди чиркөөдөн бөлүү тууралуу» декретти ишке ашыруу чечимин кабыл алган. Декретке ылайык бардык диний мекемелер юридикалык укуктан ажыратылып, болгон каражаты мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн тартылып алынган.

РКП(б)нын 8-съездинде сүйлөгөн сөзүндө төмөнкүлөрдү белгилеп кеткен: «*өздөрүнүн молдолорунун таасиринде калган кыргыз, өзбек, тажик,түркмөн сыяктуу элдерге карата биз эмне кыла алабыз?Бизде, Орусияда, поптор менен болгон көптөгөн тажрыйбалардан кийин калк алардан кутулууга жардам берди… биз бул элдерге барып: «Биз силерди өзүңөрдүн эксплуататорлоруңардан куткарып жатабыз», - деп айта алабызбы? Биз минтип айта албайбыз. Анткени алар толугу менен өздөрүнүн молдолоруна баш ийишет. Мында биз бул элдердин өнүгүшүн күтүшүбүз керек, пролетариаттын буржуазиалык элементтерден айрылышын күтүшүбүз керек, ал эми бул боло турган нерсе* [4, 158-159-бб.].

Чындыгында, Советтик бийлик тарабынан жарыяланган «маданий революциянын» эң негизги бөлүгү башында жашыруун түрдө болгон динге каршы күрөш болгон. Динге байланыштуу кабыл алынган «Бардык мусулмандардын проблемаларын чечүү маселеси Ички Орусиянын мусулмандарынын иши боюнча комиссариатына толугу менен өткөрүп берүү тууралуу декрети», «Никени бузуу тууралуу», «Жарандык нике

DOI:10.26104/IVK.2019.45



тууралуу» сыяктуу ж.б. мыйзамдуу актылардын бардыгы чынында диндин негизин бузуу үчүн кабыл алынган. Диний уюмдарга мамлекеттин ишине аралашууга, менчикке жана юридикалык укукка ээ болууга, өзүнүн максаты үчүн элден акча чогултууга, мектептерде диний сабактарды өтүүгө тыюу салынган, бирок өзү жеке каалоосу менен динди үйрөнүүгө уруксат берилген.

1918-жылы майда Эл Комиссариатынын алдында П.А.Красиков башкарган атайын бөлүм түзүлгөн. Анын максаты чиркөөнү мамлекеттен бөлүү декретин ишке ашыруу иштерин жүргүзүү болгон. Бул бөлүмдүн планы менен атеисттик пропаганда башталган. Жыйынтыгында эки жыл аралыгында 1918-1920-жылдары жарандык согуш болуп жатканына карабастан, диндин «терс» жактарын тастыктай турган 400дөн ашык лекция, митинг жана дебаттар уюштурулган. Большевиктердин сунушу менен мусулмандардын ички иштеринин Борбордук комиссариаты, мусулман уюмдарынын Борбордук кызматы жана мусулман элдеринин ортосундагы саясий иштерди күчөтүү үчүн Мусбюро түзүлгөн (1919-ж.), мусулмандарды мусулмандардын кызыл армиясына чакырышкан [5, 110-113-бб.]. Ошентип, большевиктер жергиликтүү мусулман элитасын өз тарапка тарта баштап, аларга мамлекеттик башкарууга киргүүгө жол ачкан.

Өзүнүн диний ишенимдеринен улам аскердик кызматка катыша албаган адамдар жугуштуу ооруканаларда, же болбосо чакырылган адамдын өзүнтандоосу боюнча коомго пайдалуу башка иште иштөө укугу берилген.

Бул учурда советтик пропаганда мусулмандарды алардын Советтик бийлик менен душмандары: революцияга чейин мусулмандарды эзген падышалык бийлик жана аларды пайдаланууга аракет кылган буржуаздар, кулактар, ал эми чет жактан Антанттардын мураскерлери экендигине ишендирүүгө аракет кылган. Алардын максаты мусулмандарды Кызыл Армияга кирип, кызыл армиянын орус аскерлери менен бирге актарга жана батыш интервенттерге каршы согуштуруу болгон. Ушул учурда «Революция жана Чиркөө» журналы басыла баштаган.

Советтик бийликтин күрөшүнүн аспекттери маалыматтык жана плакаттык согушта да өзүнүн ордун алган. Мисалы, Николай Когоуттун (1891-1951) Врангел менен болгон согуш учурундагы 1920-жылдарындагы плакатында чакыруу Крым татарларына болгон. Араб тамгасы менен Крым-татар тилинде кызыл-кара түстөгү жазууда төмөнкүлөр жазылган: «Сенин душмандарың калп менен жана коркутуу менен сени мага каршы – сенин бир тууганыңа каршы согушка жөнөтүп жатат. Аларды укпа. Эгер сен тынчтыкты жана эркиндикти кааласаң, колуңа мылтык ал да, душманга каршы мени менен күрөш». Плакаттын төмөн жагындагы сүрөттө бул сөздүн чындыгына ишенген мусулман Врангелге штык сайгандыгы тартылган.

Согуш болуп, баш аламандыктар, ачарчылык, кыйроолор болуп жаткандыктан динге каршы күрөш тымызын жүргүзүлгөн. Ошентсе да, кээ бир учурларда дин кызматкерлерин мыйзамсыз камоолор жана өлтүрүүлөр, монастрлардын жана мечеттердин тонолушу катталган.

Мамлекет-дин мамилесинин стратегиялык негизин В.И. Лениндин иштери түзгөн. Ошол эле учурда П.А.Красиков, А.В.Луначарский, И.В.Сталин, И.И.Степанов, Е.М.Ярославский сыяктуу дин маселеси менен алектенген башка политикалык ишмерлердин эмгектери да колдонулган [6,7,8,9,10]. Социализмдин түптөлүшү үчүн, жаңы системанын түзүүчүлөрүнүн оюу боюнча, эски капиталисттик түзүлүштү жок кылып, жеке менчик идеологиясын жана динди алып таштоо керек эле. Большевиктер диндин коомдук тамыры калктын коомдук-экономикалык жашоосунда болгон жана аны кыскартуу канчалык болсо дин дагы ошончолук жоголот деп ишенишкен.

Жогоруда белгиленген саясат Орто Азияны, анын ичинде Кыргызстанды да камтыган. Бул жакта диний жөрөлгөлөрдү жасоого уруксат берилген. Динге каршы күрөш башталышында өтө катуу болгон эмес. Орто Азиядагы исламдын башка диндерге караганда мусулман элдеринин үстүндө өзүнүн күчүн сактап калгандыгы талашсыз факт болуп эсептелет.

БК РКП(б)нын 1920-жылдын 21-февралындагы бардык партиялык комитеттерге жана мекемелердин саясий бөлүмдөрүнө жөнөтүлгөн катында элдерди тарбиялоодо алардын жашоосунда негизги ролду ойногон эки нерсеге: улуттук жана диний учурларга көңүл буруу керектиги белгиленген. Алардын диний ишенимдери орус жана европалык жумушчу жана дыйкандардыкына караганда кыйла жогору. Анткени диндин орду чыгыш элдеринде экономикасы өнүккөн өлкөлөргө караганда жарандык-үй-бүлөлүк жашоосу дин менен, рухий көз-

DOI:10.26104/IVK.2019.45



караш менен тыгыз байланышта болгон учурду баштарынан өткөрүп жатат. Бул диний көз-карашка каршы күрөштө абайлоо керек дегенди билдирет. Ошондуктан динге каршы күрөшүүдө ачык түрдө каршы чыгуу менен эмес, тымызын түрдө окутуу, билим берүү, мектептерди ачуу, адамдын жана жердин тарыхын окутуу менен, сабатсыздыкты жоюу жана мусулман башкаруучуларынын таптык теңсиздигин, адилетсиздигин көрсөтүү менен болуш керек эле [11, 146-147-бб.].

Биринчи Семиреченский съездде мектепте окутуунун жана тарбиялоонун ыкмалары каралганда, балдарды диний окуудан алыстатып коммунисттик таасирди күчөтүү керектиги тууралуу сөз болгон. Мектептеги диний каада-салттарды токтотуу сунушталган (диний майрамдарда уюштурулуучу маарекелерди жана эс алуу күндөрүн алып салуу менен) [12, 115-б.]

Ошентип, 1921-жылдын январынан баштап буга чейин эс алуу күнү каралган жума күнү бардык советтик, коомдук жана жеке менчик уюмдарда иш күнү катары белгиленди, бардык вакуфтук жерлер диний уюмдарга кайтарылып берилди, диний мектептердин саны көбөйдү [13, 45-б.]. БАКтын жана Эл комиссарлар Советинин 1922-жылдын 23-декабрында жарыялаган декретине ылайык Түрк мамлекеттеринде советтик соттор менен катар шарияттын өкүмдөрүнө таянган жергиликтүү казы жана бийлердин сотун орнотууга уруксат берилди.

Ошентсе да, «Аль-Изах» ислам журналы мусулман аялдардын шариаттын өкүмдөрүн бузуп, баштары жана беттери ачык театрларга, клубдарга барышын, чоочун эркектер менен бийлегендигин таң калуу жана наразы болуу менен жазып чыкты.  Шариат түшүнүгү боюнча алар бузулгандардын жолуна түшкөн эле. Жыйынтыгында «исламдын балдары эки топко бөлүнүп калды: эски аалымдар жана момун мусулмандар, экинчиси – өзүнүн балдарына жана аялдарына европалыктарга окшошууга уруксат берген, европалашууга жол ачкан маданияттуу интеллигенция» [14].

БК РКП(б) өзүнүн резолюцияларында кандайдыр бир диний уюм менен эмес, жалпы эле диний көз-караш менен күрөшүүгө жана диний фанатизмди күчөтүп албаш үчүн ишенгендерди кемсинтпөөгө аракет жасаган [15, 115-б.]. Ушуну эске алуу менен партиялык уюмдар өздөрүнүн мүчөлөрүнө (Туркестанда ишенгендер коммунисттердин 44%, ал эми Жети-Өгүз областында 57%ды түзгөн) намаз окууга уруксат берген [16]. 1925-жылы болгон Кыргызстандагы айылдык партияларды текшерүүдө көптөгөн текшерилип жаткан партиялардын мүчөлөрү намаздын убагы болуп калса, процессти тездетүүнү, мечиттерди ыңгайлаштырууну жан көпчүлүктү мечитке чакырууну, ал эми каршы чыккандарды атуу жолу менен болсо да жазаландырууну талап кылышкан [17, 108-122-бб.]. 1923-жылы Кыргызстанда сүнниттердин укугун коргоо үчүн ишанизм ж.б. диний агымдар менен күрөшүү тууралуу кат жарыяланган. Оштун угоркому исламды «зыяндуу» жана «зыянсыз» деп экиге бөлгөн партиясыз резолюцияга түз караган. Резолюцияда эшендер жана алардын жолун жолдоочулары  исламдын негизги мыйзамдарын бузуп жаткандыгы үчүн өзүлөрүнүн билим берүүсүн токтотушу талап кылынган [18. л.22].

Бирок, бул большевиктердин диний чөйрөгө калыс мамиле жасагандыгын көрсөтпөйт. Диний уюмдар большевиктик режим тарабынан саясий душмандардын топтолгон жери катары каралган. Ошондуктан бийликтегилер диний уюмдарга канча киши барып жаткандыгын, диний агымдардын класстык бөлүнүшүн, болуп жатка ниш-аракеттерин көзөмөлдөп турууга аркет кылышкан. Бул кызыкчылыкты ишке ашыруу үчүн ар кандай сурамжылоолор жүргүзүлүп турган. Ушул максатта «Антирелигиозник» журналында «Секталар тууралуу маалымат топтоо тууралуу методологиялык көрсөтмө жана анкета» иштелип чыгып жарыяланган. 1922-1923-жылдары уюшулган кудайсыздардын уюму тарабынан бул сурамжылоолор аябай көп жүргүзүлгөн. 1924-жылдын августунда «Безбожник» газетасы жарык көрүп жатканда газетанын досторунун уюму түзүлгөн, ал эми 1925-жылы апрелде «бежбожниктердин кеңеши» түзүлгөн. Кийинчерээк алар Кыргызстан аймагына жана жалпы эле Орто Азия аймагына тараган. Бул кеңеш 1925-жылдан 1947-жылга чейин турган, андан кийин абалдын өзгөргөндүгүнө байланыштуу ал «Знание» уюму менен алмаштырылган.

Идеялык жана практикалык даярдыкта большевиктер буга чейин эле мусулмандардын ич-ара бөлүнүшүн, диндин жана каада-салттын алсызданышын, рухий жашоонун каатчылыгын, кадамисттер менен жадиддердин ортосунда XX кылымдын башында пайда болгон келишпестиктерди өзүлөрүнүн кызыкчылыгына туура пайдаланышкан. Жадиддер Чыгыш өлкөлөрүнүн бардык аймактарында динде ар кандай өзгөрүүлөрдү байкап, аны кайрадан карап чыгууну баштаган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45



Жадидизмди орнотуу жаңлануу үчүн мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

Бирок тилекке каршы жадиддер ишти аягына чыгарууга үлгүрбөй калышкан. Ошондуктан большевиктер динге жана салтка карата жергиликтүү калктын терс көз-карашын ойготуу үчүн бул катачылыктарды колдонгон. Ошол эле учурда алар жадиддердин программасын атеизм саясатын модернизациалоодо, советтештирүүдө жана орусташтырууда бурмалап колдонушту [19, 64-б.].

20-жылдары практикалык түрдө, брошюра жана макалаларды жазууда да активдүү болгондордун катарында Ф.Н.Олещук, Б.П.Кандидов, М.Шейнман [20, 21, 22, 23] ж.б. бар эле. Алардын макалалары көлөмү аз болуп, теориялык жыйынтыктарды аз камтуу менен бирге агитациялык жана саясий багыттоочу түрдө жазылган. Бирок аларда кээ бир учурларда илимий кызыгууну жарата турган көптөгөн тарыхый фактылар кездешкен [24].

Ал эми 1924-жылы БК РКП(б) Агитпром тарабынан партиялык мекемелердин берген маалыматтарына ылайык өлкө боюнча диний абалдын статистикалык жана документалдык маалыматтары чогултула баштаган.

Белгилүү болгондой эле, 30-жылдардын ортосунда СССРде социализмдин орногондугун жана эми коммунизмди орнотууга киришүү керектиги маалымдалган. «Жаңы адамды» тарбиялоо бул утопиялык программанын негизги бөлүгүн түзгөн. Так ушул учурда дин «эскинин зыяндуу калдыгы» катары каралып, аны жеңүү калкты диний тарбиялоо иштеринин негизги максаты катары каралган.

Ошентип, советтик мамлекеттин динге болгон мамилеси диний мекемелерди кыйратууга жана диний адамдардан кутулууга багытталган. Эң кыйын учурлар 1920-1930-жылдар болду. Бул учурда тоталитардык режим бекемделип, дин жана ага ишенгендер башкача көз-караштагылар катары каралган. Алар дайыма куугунтукка алынды. Мунун натыйжасында маданий баалуулуктардын жоголушу жана коомдун интеллектуалдык тараптан чөгүшүнө алып келди.

1920-жылдардын аягы жана 30-жылдары өлкөдө эки чоң процесс болуп өттү: коомдук-саясий абалдын курчушуна жана көптөгөн адамдардын кырылышына алып келген дыйкандардын менчиктерин коллективдештирүү процесси жана айылдагы динге каршы катуу күрөш. Бул эки процесс бири-бири менен тыгыз байланышта болгон. Советтик өкмөт айылдык руханиятты жана активдүү ишенүүчүлөрдү контрреволюциячылар жана социалдык кайра курууну жайланышын күнөөкөрлөрү катары көргөн. Диний дүйнө тааным классикалык күрөшкө туура келбей жаткандыктан советтик бийлик диний салт-санааны акыркы согуштук салт менен алмаштырууга аракет жасаган.

Ошентип, 20-30-жылдары бүткүл Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстанда көрүнүктүү дин кызматкерлери: жадиддер, молдолор, эшендер жана пирлер өлтүрүлгөн.

Диний имараттар: собордук мечиттер, медреселер, китепканалар, ислам кол жазмалары сакталган кампалар, диний мазарлар, мавзолейлер, белгилүү пирлердин жана эшендердин күмбөздөрү (көптөгөн мусулмандардын сыйынуучу жерлери) ж.б. кыйратылып жок кылынган.

Мунун ордуна кеңири жайылган атеисттик динге каршы уюмдар бардык жерлерде жана деңгээлдерде жүргүзүлдү. Өзгөчө «Безбожник» жана «Знание» сыяктуу коомдук-илимий уюмдар активдүү иштеген. Алардын курамына динге каршы лекцияларды окуган лекторлор кирген.

Атеисттик күрөш бир гана аялдардын жана кыз-келиндердин хижаб жана никаб кийишине каршы эмес, жалпы эле чарбачылыктагы, жергиликтүү калктын, өзгөчө тоолуу аймактын калкынын жашоо-тиричилигиндеги, руханий жашоосундагы эски, архаисттик комплекстерге каршы күрөшкөн. Бул күрөштүн негизги урааны нике, үй-бүлө жана аялдын коомдогу орду тууралуу ислам негиздерине туура келбеген эркек менен аялдын тең укуктуу экендигине чакыруу болгон.

Элдердин сабатсыздыгын жоюу учурунда негизги көңүл жергиликтүү элди динге каршы коюу пропагандасына бурулган. Араб жазуусунан баш тартып, латын алфавитин кабыл алуу, кийин кирилл тамгасына өтүү араб жана фарсы тилдеринде жазылган мусулмандык китептерден жана булактардан алыстоого алып келген. Жыйынтыгында, орто мектептерде, көчөлөрдө жана станоктордо кыз-келиндер бир гана хижаб жана никаб кийгенди токтотпостон, жаңы светтик жалпы билим берүү системасында активдүү катыша башташты.

**Адабияттар:**

1. Ланда Р.Г. Ислам в истории России. - М., 1995. - С. 191.
2. Эскертүү: Духовенство представило свою позицию по

DOI:10.26104/IVK.2019.45



вопросам просвещения и образования, государственного управления, создания Туркестанской автономии. Декреты советской власти. Т.1. - М.: Политиздат, 1957. - С. 210.
3. ЦГА КР. - Ф. 653. - Оп. 1. - Д.56. - л.38.
4. Ленин В.И. Доклад о партийной программе 19 марта // Полн. собр. соч. - Т.38. - С.158-159.
5. Курманов З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. - Б., 1997. - С.110-113.
6. Красиков П.А. На церковном фронте: 1918-1923. - М., 1923.
7. Луначарский А.В. Почему нельзя верить в бога? - М., 1965.
8. Сталин В.И. Политический отчет ЦК XV Съезду ВКП(б). Соч. Т. 11. - С. 271-353.
9. Степанов И.И. Задачи и методы антирелигиозной пропаганды. - М.-Л., 1925.
10. Ярославский Е.М. О религии. - М., 1957.
11. КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК. - Т.2. - М., 1970. - С. 146-147.
12. Культурное строительство в Киргизии.1918-1929 гг. Сб. документов и материалов. Т1. - Фрунзе: Киргосиздат, 1957. - С. 115.
13. Данияров С. Культурное строительство в советском Киргизстане (1918-1930 гг.). - Фрунзе, 1963. - С. 45.
14. http://www.islamsng.com // Зикруллаев М. Журнал «Аль-Изах» – источник по изучению истории Туркестана в 1917-1918 гг.
15. КПСС в резолюциях и решениях съездов и пленумов ЦК. - Т.3. - М., 1984. - С. 115.
16. Образование и деятельность Коммунистической партии Туркестана: Летопись событий. Ч.2. 1917-1924 гг. - Ташкент, 1966.
17. Табышалиева А. Вера в Туркестане. - Б.,1993. - С. 108-122
18. ЦГА ПД КР, ф.6, оп. 1, д.193, л.22
19. Нуртазина Н. Борьба с исламом. - Алматы, 2008. - С.64.
20. Олещук Ф.Н. Кто строит церковь в СССР. - М.-Л., 1929-1930.
21. Кандидов Б.П. Голод 1921 г. и церковь. - М., 1932.
22. Шейнман М. Огнем и кровью во имя бога. - М: Госиздат, 1925.
23. Шейнман М. Воинствующее безбожие в СССР за 15 лет. 1917-1931. - М., 1932.
24. Революция в деревне. Очерки / Под редакцией В.Г. Тана-Богораза. - М.-Л., 1924; Бонч-Бруевич.